**Илимий жетекчинин пикири**

**08.00.05 – «Тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуучу, «Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде региондордун социалдык-экономикалык өнүгүү денгээлин көтөрүү (Жалал-Абад облусунун материалында)» деген темада аткарылган Кубанбычбеков Эрнист Кубанычбековичтин илимий жетекчисинин пикири. Илимий жетекчиси: э.и.д., доцент Карбекова Азиза Баймаматовна.**

Изденүүчү Кубанычбеков Э.К. диссертациялык изилдөөдө Кыргызстанда экономикалык реформанын жүрүшүндө эл чарба тармактарын өнүктүрүү, экспортко дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Бул максатты жүзөгө ашырыш үчүн чет өлкөлүк инвестициялар көбүрөөк тартылууда. Эл аралык валюта фонду, Дүйнөлүк банк, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы сыяктуу ал аралык финансы уюмдары республиканын экономикасын реабилитациялоо, жергиликтүү чийки заттардан экспортко ылайыктуу товар өндүрүүгө жөндөмдүү ишканаларды куруу багытында чоң көмөк көрсөтүшүүдө. Бул багытта кийинки учурда Азия өнүгүү банкы, Эл аралык финансы корпорациясы жана Ислам өнүгүү банкы да активдүү жардам берүүдө. Учурда Кыргызстандын чет мамлекеттер менен биргелешип курган ишканалары, компаниялары жылдан жылга көбөйүп, иштеп жатат. Алсак, Кыргызстан менен Канадалык «Камеко» корпорациясы, Ысык-Көл областындагы «Кумтөр», Талас районундагы «Жер үй» алтын кендерин иштетип атат.

Кубанычбеков Э.К. илимий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, өзүн мыкты изилдөөчү катары көрсөттү. Диссертацияда изденүүчү тарабынан жасалган корутундулар жүйөлү жана ишенимдүү, илимий сунуштар негиздүү жана кылдат ойлонулган. Диссертацияда камтылган автордун иштеп

чыгуулары жана жаңы илимий натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда, ошондой эле Э.К. Кубанбычбеков 14 илимий эмгекте, анын ичинде Scopus маалымат базасына кирген рецензияланган илимий басылмада 1 жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын тизмесинен басылмаларда 10 макала.

Кубанычбеков Эрнист Кубанычбековичтин диссертациясы КР УАКнын жобосунун талаптарына жооп берет жана изденүүчү 08.00.05 – «Тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу.

Илимий жетекчиси
ЭЮКтун директору,
экономика илимдеринин доктору, доцент
Карбекова Азиза Байматовна

______________________

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Экономика-юридикалык колледжи

Дареги: 720909 Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары,Т. Байзаков көчөсү 23.

Байланыш: (03722) 5-03-33

E-mail:

«19» 02 2024г.

э.и.д. А.Б. Карбекованын кол тамгасын тастыктаймын
АРБУКтын башчысы А.Акматова